Бекитемин:
Мектеп директору Токторбаева Н

**К Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин кызматкерлеринин функционалдык милдеттери жөнүндө жобо**

**Мектептин директору.**

**1.Кызматтык милдеттери:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” , “Мугалимдин статусу жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын,жалпы орто билим жаатындагы ченемдик укуктук актыларын билиши керек;
- Билим берүү бөлүмүнүн макулдугу боюнча педагогикалык кеңеш менен бирдикте мектептин өнүгүү багытын аныктап, ишке ашырат;
- мектептин кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт;
- кызыктар тараптардын зарылчылыктарын канааттандырат;
- мугалимдерди, техперсоналдарды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт;
- педагогикалык кеңештин ишин алып барууну жетектейт;
- билим берүү бөлүмү, мугалимдер менен бирдикте окуу планын ишке ашырат;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жананегизги билим берүү программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;
- класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;
- мугалимдердин билимин жогорулатуу жана кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт;
- билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;
- балдарды коргоо жана алардын укугун, кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;
- мектептин каржылык-финансылык ишин жетектейт жана көзөмөлдөйт;
- гранттардын, инвестициялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн максаттуу,натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөйт жана жекече түрдө жооп берет;
- мектептин материалдык-техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо,окуучулардын, кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болот жана алрдын өмүрүнүн сакталышы үчүн жооп тартат;
- өрткө каршы коопсуздук боюнча,окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өмүрлөрүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жеке түрдө тартат;
- кызматтык милдеттерге, мектептин Уставына жана ички ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат;
- мектептин түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишин башкарат жана көзөмөлгө алат;
- администрациянын көзөмөл бутактарын нукка келтирүүгө (мектептин кенеши, ИДН, КДН ж.б.);
- мектептин окуу жылына болгон иш планын түзүү жана анын аткарылышына;